**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 261-271

**УДК: 94/93**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_25

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ УЛУТТАР АРАЛЫК ЧЫР-ЧАТАКТАР: ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО

МЕЖНАЦИОНАЛЬНЫЕ КОНФЛИКТЫ НА ЮГЕ КЫРГЫЗСТАНА В ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ: ИСТОРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ

INTERNATIONAL CONFLICT IN SOUTHERN KYRGYZSTAN AND INDEPENDENCE: A HISTORICAL ANALYSIS

**Төлөнөв Шабдан**
*Төлөнөв Шабдан*
*Tolonov Shabdan*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ УЛУТТАР АРАЛЫК ЧЫР-ЧАТАКТАР: ТАРЫХЫЙ ТАЛДОО

**Аннотация**

Макалада эгемендүүлүк мезгилиндеги Кыргыз Республикасынын түштүгүндөгү улуттар аралык чыр-чатактар тарыхый талдоо өңүтүнөн каралат. Негизги көңүл Ош жана Жалал-Абад облустарындагы 1990 жана 2010-жылдардагы чыр-чатактардын себептерине, этаптарына жана кесепеттерине бурулат. Улуттар аралык мамилелердин курчушуна таасир эткен тарыхый өбөлгөлөр, улуттук-аймактык жиктөөнүн советтик мурасы, социалдык-экономикалык жана саясий факторлор талданат. Ата мекендик жана чет элдик изилдөөлөрдүн негизинде улуттар аралык чыр-чатактардын татаал мүнөзү жана аларды алдын алуу жана жөнгө салуу боюнча мамлекеттик саясаттын зарылдыгы жөнүндө корутунду чыгарылат.

***Ачкыч сөздөр:*** улуттар аралык чыр-чатактар, Кыргызстандын түштүгү, Ош окуялары, Фергана өрөөнү, этносаясий процесстер, Кыргызстандын эгемендүүлүгү, улуттар аралык мамилелер

## *МЕЖНАЦИОНАЛЬНЫЕ КОНФЛИКТЫ НА ЮГЕ КЫРГЫЗСТАНА В ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ: ИСТОРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ*

**Аннотация**

В статье рассматриваются межэтнические конфликты на юге Кыргызской Республики в период независимости с точки зрения исторического анализа. Основное внимание уделяется причинам, этапам и последствиям конфликтов в Ошской и Джалал-Абадской областях в 1990-х и 2010-х годах. Анализируются исторический контекст, повлиявший на обострение межэтнических отношений, советское наследие национально-территориальной классификации, социально-экономические и политические факторы. На основе отечественных и зарубежных исследований делается вывод о сложном характере межэтнических конфликтов и необходимости государственной политики по их предотвращению и разрешению.

***Ключевые слова:*** межэтнические конфликты, Южный Кыргызстан, события в Оше, Ферганская долина, этнополитические процессы, независимость Кыргызстана, межэтнические отношения

## *INTERNATIONAL CONFLICT IN SOUTHERN KYRGYZSTAN AND INDEPENDENCE: A HISTORICAL ANALYSIS*

**Abstract**

The article examines the interethnic conflicts of the Kyrgyz Republic in the period of independence from the point of view of historical analysis. The main attention is paid to the causes, stages and consequences of conflicts in Osh and Jalal-Abad regions in the 1990s and 2010s. The historical context that influenced the aggravation of interethnic relations, the Soviet legacy of national-territorial classification, socio-economic and political factors are analyzed. On the basis of domestic and foreign research, a conclusion is made about the complex nature of interethnic conflicts and the need for state policy to prevent and resolve them.

***Keywords:*** inter-ethnic conflicts, Southern Kyrgyzstan, events in Osh, Fergana valley, ethno-political process, independence of Kyrgyzstan, inter-ethnic relations

**Киришүү**

Кыргыз Республикасынын түштүгү - этникалык жыштыгы жогору жана улуттар аралык өз ара аракеттенүүнүн татаал тарыхына ээ аймак. Кыргызстандын эгемендүү өнүгүү шартында так ушул жерде социалдык-экономикалык, демографиялык жана саясий карама-каршылыктар ачык байкалып, бул улуттар аралык чыр-чатактардын келип чыгышына алып келди. 1990 жана 2010-жылдардагы окуялар өлкөнүн заманбап тарыхындагы трагедиялуу барактардан болуп калды жана улуттар аралык мамилелер системасынын аялуу экенин көрсөттү.

Изилдөөнүн актуалдуулугу жарандык биримдикти чыңдоо жана келечекте мындай кризистерди болтурбоо үчүн улуттар аралык чыр-чатактардын тарыхый тажрыйбасын аңдап билүү зарылдыгы менен шартталган.

**Улуттар аралык чыр-чатактардын тарыхый-теориялык негиздери**. Илимий изилдөөлөрдө улуттар аралык чыр-чатак бийлик, ресурстар жана иденттүүлүк чөйрөсүндөгү этникалык топтордун кызыкчылыктарынын кагылышуусунун натыйжасында келип чыккан социалдык тирешүүнүн формасы катары аныкталат (Асанбеков, 2012). Постсоветтик коомдордо этникалык фактор саясий туруксуздук жана экономикалык кризис шартында көп учурда күчөйт (Аманбеков, 2015).

Кыргызстандын түштүгү кирген Фергана өрөөнү - калктын жыштыгы жогору жана жаратылыш ресурстары чектелген аймак, бул тарыхый жактан этникалык жамааттар арасындагы атаандаштыкка шарт түзгөн (Поляков, 2009).

1920-1930-жылдардагы Борбордук Азиядагы улуттук-аймактык жиктөө реалдуу этникалык отурукташууну эсепке алган эмес, бул аралаш жашаган аймактардын калыптанышына алып келген (Поляков, 2009). Кыргызстандын түштүк райондорунда кыргыздар менен өзбектер жалпы социалдык-экономикалык системага тартылганы менен, ресурстарды жана иш чөйрөлөрүн бөлүштүрүүдө бирдей эместик сакталып калган (Исмаилов, 2010).

Советтик мезгилде улуттар аралык чыр-чатактар административдик ыкмалар менен басылып келген, бирок карама-каршылыктар жоюлбастан, жашыруун (латенттик) мүнөзгө гана ээ болгон.

1990-жылдагы Ош чыр-чатагы Кыргызстандын түштүгүндөгү алгачкы ири масштабдуу улуттар аралык кагылышуу болуп калды. Анын түздөн-түз себеби жер маселеси болгону менен, тереңдеги себептер социалдык теңсиздикти, улуттук аң-сезимдин өсүшүн жана советтик саясий системанын кризисин камтыган (Поляков, 2009).

Изилдөөчүлөр белгилегендей, 1990-жылдагы окуялар системалык кризис шартында мамлекеттик түзүмдөрдүн улуттар аралык процесстерди натыйжалуу башкара албагандыгын көрсөттү (Глебов, 2011).

Эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылы терең социалдык-экономикалык төмөндөө менен мүнөздөлдү. Жумушсуздуктун өсүшү, эмгек миграциясы жана мамлекеттик институттардын алсыздыгы өлкөнүн түштүгүнө өзгөчө катуу таасир этти (Аманбеков,

Бишкек, 2015). Мындай шарттарда этникалык таандык көп учурда саясий мобилизациянын куралы катары колдонулуп, бул улуттар аралык чыңалуунун жогорку деңгээлин кармап турган (Кадыров, 2014).

2010-жылдын июнь айында Ош жана Жалал-Абад шаарларында болгон окуялар эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы эң трагедиялуу улуттар аралык чыр-чатак болуп калды. Расмий маалыматтарга ылайык, кагылышуу массалык курмандыктар, турак жай кварталдарынын кыйрашы жана калктын аргасыз жер которуусу менен коштолгон (Доклад Национальной комиссии по расследованию событий июня, 2011).

Чыр-чатактын себептери комплекстүү мүнөзгө ээ болуп, 2010-жылдагы апрель окуяларынан кийинки саясий туруксуздукту, жергиликтүү деңгээлдеги бийлик үчүн күрөштү, социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү жана этникалык жамааттар ортосундагы топтолуп калган ишенимсиздикти камтыган (Международная кризисная группа, 2010).

**Изилдөөнүн натыйжалары.** Улуттар аралык чыр-чатактар Кыргызстандын түштүгүнүн социалдык түзүмүнө узак мөөнөттүү терс таасирин тийгизди. Миграциялык процесстер күчөп, демографиялык баланс өзгөрдү, этникалык топтордун ортосундагы жана мамлекеттик институттарга болгон ишеним деңгээли төмөндөдү (Асанбеков, 2012).

2010-жылдан кийин мамлекет жабыркаган аймактарды калыбына келтирүү жана улуттар аралык диалогду өнүктүрүү боюнча, анын ичинде Кыргызстан элинин Ассамблеясынын ишмердүүлүгү аркылуу чараларды көрдү (Кадыров, 2014). Бирок изилдөөчүлөр социалдык адилеттүүлүк жана жарандык теңчилик принциптерине негизделген, улуттар аралык чыр-чатактарды алдын алуунун системалуу саясатына өтүү зарылдыгын белгилешет (Аманбеков, Бишкек, 2015).

2010-жылдын 10-июнунун кечинде Ош шаарында кыргыз-өзбек улуттарынын ортосунда тутанган жаңжал улут аралык чоң чатакка айланып, 13-июнда Жалал-Абад облусунун Сузак, Базар-Коргон райондоруна чейин жайылган. Бир жумага созулган жаңжалда расмий маалыматтар боюнча 893 адам өлүп, 1500 адам жарадар болгон. Ал эми расмий эмес маалыматтарда 800 адам өлгөндүгү айтылат. Көз карандысыз ММКлардын маалыматтарында 14-июнга карата 2000 адам өлгөн деп да берилген (Материал из Википедии — свободной энциклопедии).

А.Абдирасулова жетектеген “Кылым шамы” коомунун отчету боюнча коогалаң мезгилинде күч органдарынан 4 аскер техникасы жана 278 ок атуучу курал тартылып алынган. (Анын 136сы кийин кайтарылып берилген). ЮНОСАТ уюмунун эсеби боюнча Ош, Жалал-Абад жана Базар-Коргондо 2,843 имарат жабыркап, анын 2,677си таптакыр талкаланган. Андан башка коомдук жайларга, мамлекеттик имараттарга, медициналык, билим берүү мекемелерине зыян келтирилген. Расмий маалыматтар боюнча 2010-жылдын декабрь айына карата 5,162 кылмыш иши козголгон (Абдирасулова жана «Ачык ой пикир» Коомдук фонду, 2010, 94 б).

Июнь окуялары башталгандан көп өтпөй эле ОПЗО "Справедливость", ОФ "Открытая позиция", ОФ "Голос свободы", ОФ "Voice of Freedom", ОО "Молодежная правозащитная

группа" сыяктуу Кыргызстандын жарандык коомунун бир катар уюмдары июнь коогалаңынын башында эле жаңжалды объективдүү изилдөө үчүн көз карандысыз эл аралык комиссия чакырылсын деген талапты Убактылуу Өкмөткө коюшкандыгы маалым (Фергана.ру, 2010).

2010-жылкы кайгылуу Июнь окуяларында эл аралык жана кыргыз жарандык коому кандай көз караште турду жана алардын иш-аракеттери коогаландын жыйынтыгына кандай таасир этти, бул маселе олуттуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө туура келүүчү проблема. Кыргыз массалык-маалымат каражаттары Июнь окуяларына байланыштуу “маалыматтык согушта” чабалдык кылып, жеңилип калгандыгы көп эле айтылып келет. Чынында эле эл аралык ММКлар, айрыкча өзбек маалымат ресурстары бир беткей маалымат таратып келгендиги ырас. Мисалга тартып көрөлү.

Кыргызстандагы кайгылуу Июнь окуяларынын себептерин, жыйынтыктарын жана сабактарын изилдөөгө бир катар тыгыз иш-аракеттер болгон. Алардын ичинен ирилери: Кыргызстандын Акыйкатчысынын жаңжал боюнча Маалыматы (1910-жылдын аягы), Улуттук комиссиянын Корутундусу (2011-жылдын башы), Human Rights Watch уюмунун “Адилеттик кайда?” аттуу 2011-жылдын июнь айындагы отчету, “Эл аралык кризистик топтун (International Crisis Group) “Кыргызстандагы баш-аламандык” аттуу отчету (2012-жыл, апрель), Финн саясатчысы Киммо Кильюнендин башчылыгындагы “Эл аралык көз карандысыз комиссиясынын” 2011-жылдын май айындагы отчету болгон. 2012-жылдын 31-майында Эл аралык “Freedom House” уюму, Орусиялык Укук коргоочу “Мемориал” Борбору жана Норвегиялык Хельсинск Комитети бириккен “2010-жылдын июнундагы Кыргызстандын түштүгүндөгү окуяларда болгон зордуктоолордун Хроникасы” аттуу изилдөөсү жарык көргөн. Виталий Пономарев жетектеген бул зилдөөдө 300дөн ашуун маек алынып, 550 виде жазуу, 300дөй фото жана жүздөгөн расмий документтер топтолгон (http://www.fergananews.com, 2012).

Аталган отчеттор менен корутундулардын КР парламенти жана Өкмөтү тарабынан жиберилген “Улуттук комиссиянын Корутундусунан”, ошондой эле КР Акыйкатчысынын, “Кылым шамы” уюмунун маалыматынан башкасы кыргыз улутунун өкүлдөрүн бир тараптуу айыптап, өзбек улутунун өкүлдөрүнө карата зордук-зомбулук болгондугун, атүгүл “кырып-жоюу (геноциттик)” түспөлдө иш алынып барылгандыгын жазышкандыгы белгилүү.

Кантсе да, өкмөттүк эмес уюмдардын өлкөнүн саясый коопсуздугуна, саясый имиджине кандай тескери таасир кылары 2010-жылдын июнундагы Ош жана Жалал-Абад окуяларында дагы бир жолу ачык көрүндү. Эл башына каргаша түшүп, жүздөгөн адамдар кан жутуп турганда, Кыргызстандагы айрым өкмөттүк эмес уюмдар бул каргашалуу окуядан упай топтоп, эл аралык уюмдарды ээрчитип өлкөнүн түштүгүндө чабагандап жүрүштү. Кийин июнь окуялары боюнча эл аралык уюмдар отчет түзгөндө да бир жактуу маалыматтарды беришти. Демек, мунун өзү алардын чыныгы жүзүн жана позициясын көрсөтүп турат деп жазды кыргыз гезиттери (Мамашов, 2012-ж.).

Бирок, ошол күндөрү кыргыз жарандык коому ишти туура элде баштагандыгы маалыматтардан байкалып турган. Маселен, Ош шаарында 2011-жылдын 22-августунда «КРнын Жогорку Кенешинин жарандык коом менен оз ара алакалашуусу жана кызматташуу

жолдору» делип аталган жыйын (коомдук угуу) болуп өткөн (http://www.coalition.kg/index.php?option=com_content&view=article&catid=1%3A2012-04-12-11-37-49&id=289%3A2012-07-27-14-33-19&lang=ru/23.08.2011). Ага бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн турган 20дан ашуун адам катышкан. Жыйындын негизги максаты Жогорку Кеңештин эл менен болгон алакасын жана жарандык коом менен болгон кызматташуусун өнүктүрүү маселелерине багытталган.

2010-жылдагы кооптуу апрель-июнь айларында жарандык коомдун активдүүлүгү кыйла күчөгөн. Маевкадагы, Оштогу, Жалал-Абаддагы улуттар аралык араздашууларда өлкөнүн катардагы атуулдары стихиялык түрдө уюшуп, өзүн-өзү коргоо уюмдары, элдик коошундар түзүлгөн. “Патриот” аттуу спорттук-жаш уюму да уюштурулган. Түштүктөгү болгон улуттар арасындагы жаңжалда жарандык коомдун мүчөлөрү гуманитардык жардамдарды адилет бөлүштүрүүдө, адилдеттикти жана бейкуттукту орнотууда чоң иштерди жасаган.

2010-жылдын апрель-июнь айларында Кыргызстанда кайгылуу окуяларга алып келген жагдайлар менен шарттарды иликтеген убактылуу депутаттык комиссиянын маалыматы боюнча 2011-жылы 16-июнда Жогорку Кеңеш токтом кабыл алган. Анда 2010-жылдын июнунда болуп өткөн улуттар ортосундагы чыр-чатактар учурунда эл аралык укуктун жобосуна ылайык Кыргыз Республикасындагы геноцид, согуш кылмышы, адамгерчиликке (адамзатка) каршы кылмыш фактылары болбогону жазылып, улуттук жана сепаратисттик аракеттерге катыштыгы бар адамдар катары, Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад областтарында 2010-жылдын май-июнундагы кайгылуу окуялардын негизги уюштуруучулары жана күнөөкөрлөрү К.Батыров, И.Абдурасулов, Ж.Салахудинов, К.Абдуллаева, О.Караматов, М.Абакджанов, Х.Худайбердиев, Ж.Мирзаходжаев, У.Абдусаламов, А.Акбаров болушкан деп эсептелинген.

Ошондон кийин өзбек диаспорасынын 2010-жылга чейинки башчысы Кадыржан Батыров чет жакта жүргүү менен катар эле Жогорку Кеңештин төрагасы Акматбек Келдибековдун үстүнөн доо арыз менен Биринчи Май райондук сотуна кайрылып, анда доо ээси 2011-жылы Жогорку Кеңештин атайын июнь коогалаңын иликтеген депутаттык комиссиясы чыгарган бүтүмдү кабыл алып, бекиткени үчүн ЖК төрагасы Акматбек Келдибеков жооп берүүгө тийиш деп белгилеп, андан 5 млн. сом өндүрүп берүүнү өтүнгөн. Мындан тышкары, төрага маалымат каражаттары аркылуу Өзбек улуттук маданий борборунун Кадыржан Батыров баш болгон мүчөлөрү И.Абдурасулов, Ж.Салахуддинов, К.Абдуллаева, М.Абакжанов, Х.Худойбердиев, Ж.Мирзоходжаев, У.Абдусаламов жана А.Акбаровдон кечирим суроого сот аркылуу милдеттендирилүүсүн сураган. Кадыржан Батыровдун кызыкчылыгын Кыргызстанда «Айкөл Манас» жана Сергий Радонежский атындагы укук коргоо борборунун башчысы Игорь Трофимов коргомокчу болгон. Анын «Азаттыкка» билдиргени боюнча, бул кайрылуу жана доо арыздар 2011-жылдын 22-август күнү даректерине жиберилген (Баракелде, 2011).

Июнь коогалаңын 2010-жылдын 10-июнунан баштап дүйнө маалымат каражаттары башкы тема катары чагылдырылып келген. Болгондо да көп учурларда окуяны үстүртөн гана стереотиптүү маанайда чагылдырышкан. Кыргызстандагы окуяны дүйнөдөгү эң негизги маалымат телеканалдары Би-Би-Си менен Си-Эн-Эн өздөрүнүн ал жактагы кабарчылары аркылуу беришкен. Би-Би-Си бул күндөрү көбүрөөк Өзбекстанга кеткен өзбек улутундагы

качкындардын абалына, алардагы гуманитардык жагдайга басым жасаган. “Азыр деле Өзбекстан менен чектеш аймакта жүздөгөн адамдар өмүрүн сактап калыш үчүн коңшу мамлекетке кире албай турушат. Бул адамдар азыр таза сууга, тамак-ашка муктаж, - деп белгилеген Би-Би-Синин ошол кезде Ошто жүргөн кабарчысы Рейхан Демитри. - Мен турган жердеги качкындар азыр бул үйдө таза суу чыкпай калганын, эми сууну каналдардан алыш керектигин айтышты. Гуманитардык абал Ошто да оор бойдон. Адамдар көчөгө чыгуудан коркушат, чыккан менен дүкөн-базарлар жабык” (Дооров, 2010).

Ал эми айрым жеке жана көз карандысыз деп саналынган журналисттер Кыргызстанга, анын расмий бийликтерине жана кыргыз улутунун өкүлдөрүнө ачыктан-ачык чабуул койгон сыяктуу маалыматтарды бере баштаган. Мисалы, өзбек журналисти Иномжон Мадалиевдин пикиринде бир жыл өтсө да кыргыз бийликтери Июнь окуяларындагы башкы күнөөкөрлөрдү таппай жатышат деп жазат (Мадалиев, 2011).

Журналисттин билдирүүсүндө Жалал-Абадда өзбек гезити «Дийдордун» башкы редактору А.Абдусаламовду, өзбек диаспорасынын лидери Кадыржан Батыровду, Эл достугу университетинин ректору А.Караматовду, укук коргоочу А.Аскаровду, шаардык бир мечиттин имамы М.Ахметовду, Сузактагы өзбектердин бир башчысы Г.Абдурахмановду “улуттар аралык чатакты чыгарууга катыштыгы бар” деп арест кылышкан, ал эми кыргыздардан мурунку КРнын Президенти К.Бакиевдин инисинин уулу С.Бакиевден башка эч ким кармалган эмес деп караманча калп жазган. Негедир 2010-жылдын 12-13-июндарында “Сампа” пахта кармоочу заводдун складынан атылып, мыкаачылык менен өлтүрүлгөн 16 кыргыз жараны, «Сампа» пахта тазалоочу ишканасынын жанынан эки стволдуу ИЖ-58М автоматы, «Байкал» үлгүсүндөгү автомат, АКМ автоматына октор, 2 бычак, 2 бет кап табылгандыгы (http://atamekenkg.com/index.php?option=com), ошол күндөрү өзбек улутундагы сепаратисттеринин базасына айланып, курал-жарак жана боевик күчтөрүн топтогон жайга айланган К.Батыровдун менчик университети жөнүндө бир ооз сөз жок.

Кыргыз-өзбек аралаш отурукташкан Ош шаарынын бир катар аймактарына 2010-жылкы июнь коогасынын кесепеттери тийген эмес. Буга алардын биргеликте жашаган аймактарын коргоп чыгып, чагымга алдырбоо аракеттери себепчи болгон. Шаардын Түштүк кичи районунун тургуну Султан Каракожоев коогалаң учурундагы тынчтыкты сактоодо аралаш отурукташкан жамааттын өз аракеттери жыйынтык бергендигин мындайча сүрөттөдү: Биз бирге тургандыктан бул райондо тополоң болгон жок. Бузуп-жаруу, бири-биринин үйлөрүн өрттөө сыяктуу иштерге жол берилген жок. Анткени биз “сен өзбек, бул кыргыз” дебестен бир муштумдай болуп тынчтыкты кармап турдук. Бизге кыргыздар келсе мындагы кыргыз тургундар чыгып сүйлөшүп, өзбектер келсе өзбек кошуналарыбыз аларды тыйып турушту.

Геологдор шаарчасынын тургуну Шакиржан Убайдуллаев каргалашуу июнь күндөрү кыргыз үй-бүлөлөрү менен биргеликте бир казандан тамактанып отурушкандыгын төмөнкүдөй эскерген: “Ошол оор күндөрү биз бирге туруп, үй-бүлөлөрүбүз менен бир жерге чогуу жайгашып алып, тамак-аш даярдап жаттык. Кошуналар ортосунда “бул андай, тигил мындай” деген сөздөр болгон жок. Тескерисинче, ошол күндөр биздин кошуначылыкты жана адамгерчиликти чындап, мурдагыдан да күчөтүп койду десек болот. Шаардын башка аймактарында орун алган жанагыдай аракеттерди көрүп ичибиз ачышты. Бирок айла жок, ошол чагымдарга андагы эл өздөрү алдырып коюшту окшойт” (Жолдошев, 2011).

Жалал-Абад облусунда 60ка жакын улуттун өкүлдөрү жашап, өз турмушун өткөрүп, коомдун бардык социалдык-экономикалык тармактарында эмгектенип келе жатышат. Акыркы статистикалык маалыматтарга караганда, облуста 1 млн 99 миң калк жашайт. Ошонун ичинен өзбек улутунан 230 миңдей, славяндар 8 миңдин тегерегинде, ал эми түрктөр, уйгурлар, тажиктер - 6 миңден облус аймагында жашап келишет. Облуста 472 билим берүүчү мектеп бар болсо, анын ичинен 348 мектепте окутуу кыргыз тилинде, 11 мектепте орус тилинде, 39 мектепте өзбек тилинде жана 75 мектепте аралаш (кыргыз, орус жана өзбек) тилдерде балдарга билим берилет.

2010-жылдагы июнь окуясындагы эки элдин ортосундагы мамилени калыбына келтирүү максатында мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан бир топ иштер аткарылып жатат. Кыргызстан калкынын ассамблеясынын Жалал-Абад облустук бөлүмүнүн төрагасынын орун басары Кубанычбек Кудайбердиев өзүнүн бизге берген кыскача маегинде, улуттар аралык ынтымакты бекемдөө жаатында аткарылып жаткан иштер боюнча токтолуп өттү. Анын айтымына караганда, ассамблеянын облустук бөлүмүндө 8 улуттук диаспора өздөрүнүн иштерин жүргүзүп келишет. Аларды атап кетсек: өзбек маданий коому, славян, тажик, уйгур, немец, татар, түрк, казак диаспоралары (http://barakelde.org/comments/news).

Ошондой эле, «Янги аср» өзбек коомунун төрагасы М.Мадаминовдун: «Кыргызстанда армияга өзбек улутундагы балдарды атайлап эле албай жатышат», - деген дооматын текшерүү үчүн Жалал-Абад шаардык аскер комиссариатына кайрылсак, ал жерде шаардык аскер комиссарынын орун басары, подполковник Юлдашбай Мамасаидов бул туура эмес маалымат экендигин билдирип, өзүнүн улуту өзбек экенин айтты. Кыргыз армиясына кабыл алууда улутка карап тандабайт. Армияга жашы жеткен балдардын ден соолугу чың болуп, жалпы орто билимге ээ болсо, аны сөзсүз түрдө армияга улутуна карабай алышат. «Көбүнчө өзбек жаштары мектепти бүтөөрү менен Россияга иштегени кетип калышып, алардын ата-энелери аргасыздан балдарын келишимдик негизде алтернативалуу кызматка өткөрүп коюп жатышат. Бул боюнча биз түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жататбыз. Бирок, майнап чыкпай жатат», - деди подполковник Ю.Мамасаидов.

2011-жылдын сентябрь айында ошол кездеги Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов оштук өзбек мектептеринин айрымдарынын жетекчилеринин пикирине таянып, шаардагы өзбек мектептеринде окутуунун кыргыз тилине өткөрүү зарылдыгын сунуш кылган. Өзбекстанда латын ариби оштук өзбектерге кыйынчылык туудуруп жаткандыктан, оштун өзбек улутундагы жаштарын келечекте Кыргызстандын толук кандуу атуулдарына айландыруу үчүн мындай кадамга баруу зарылдыгы баса белгиленген.

Бул сунуш жөнүндө “Азаттык” радиосунун журналистине “Интербилим” ресурстук борборунун директору Гульгакы Мамасалиева төмөндөгүдөй пикирин билдирген. “Өзбек калкы Кыргызстанда жашагандан кийин кириллицага негизделген кыргыз тилинде билим алышса, алардын жаштарынын келечеги жакшы болмок”. Ошол эле учурда өзбек жаштарынын келечеги жана алардын кыргыз тилинде билим алуу маселесин чечүүнүн тагдырын өзбек жарандарынын укугуна коюшубузга милдеттүүбүз” (Касымбеков, 2011).

СССР кулаган соң, көз карандысыз Кыргызстан, Фергана өрөөнүндө жайгашкан башка республикалар сыяктуу эле, коопсуздук чөйрөсүндөгү көп сандаган көйгөйлөр: террористтик

топтор, баңги трафиги, улут аралык чыр-чатактар менен бет келишти. Бир кезде бирдиктүү советтик мамлекеттин алкагында жашоо үчүн түзүлгөн жаш мамлекеттердин аймактары социалдык, экономикалык чөйрөдөгү маселелерге да тушугушту.

Чүй жана Фергана өрөөнүндөгү жергиликтүү чыр-чатактар курчуп олтуруп, өзүнүн жогорку чегине, 2010-жылы 11-14-июнда Ош жана Жалал-Абад шаарларындагы улут аралык кагылышууларга чейин өсүп жетти. Мындан сырткары, бул өңдүү кагылышуулар турак-жай куруу үчүн жер басып алышкан ички мигранттар менен шаар айланасындагы жергиликтүү жашоочулардын ортосунда да болуп өттү. Ошентип, бийликтин күч менен алмашуусу жана мамлекеттин зомбулукка болгон монополиясын жоготуусу ички чыр-чатактардын ырбап кетишине алып келди. Бул баш-аламандык өкүм сүргөн мезгилде эч кандай конституциялык бийлик болгон жок, башкаруучу жалгыз юридикалык жак катары конституциялык эмес Убактылуу өкмөт иш алып барды. 1991-жылы башталган мамлекет куруу процесси иш жүзүндө үзгүлтүккө учурады (Касымбеков, 2011).

**Корутунду.** Кыргызстандын түштүгүндөгү улуттар аралык чыр-чатактардын тарыхый талдоосу алардын тарыхый, социалдык-экономикалык жана саясий факторлордун айкалышынын натыйжасы экенин көрсөтөт. 1990 жана 2010-жылдардагы чыр-чатактардын тажрыйбасы улуттар аралык мамилелерди жөнгө салуунун туруктуу механизмдерин калыптандыруунун жана көп улуттуу Кыргызстандын коомунда жарандык иденттүүлүктү чыңдоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Улуттар аралык чыңалуунун негизги факторлору: жер жана суу ресурстарынын тартыштыгы; социалдык-экономикалык теңсиздик; саясий туруксуздук; мамлекеттик институттардын алсыздыгы; тарыхый эс-тутум жана өз ара ишенимсиздик болуп саналат. Андыктан, улуттар аралык чыр-чатактарды алдын алуу багыттары: регионалдык экономиканы өнүктүрүү; жарандык коом институттарын чыңдоо; маданияттар аралык диалогду колдоо; мамлекеттин улуттук саясатын өркүндөтүү деп эсептөөгө болот.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аманбеков К.Ш. Этнополитические процессы в Кыргызской Республике. – Бишкек, 2015.
2. Асанбеков М. Межэтнические отношения в Кыргызстане: проблемы и перспективы. – Бишкек: Илим, 2012.
3. Глебов С.В. Межэтнические конфликты в Ферганской долине // Центральная Азия и Кавказ. – 2011. – № 4.
4. Доклад Национальной комиссии по расследованию событий июня 2010 года. – Бишкек, 2011.
5. Исмаилов Н.А. Юг Кыргызстана: этнические процессы и конфликты. – Ош, 2010.
6. Кадыров А.А. Национальная политика и межэтнические отношения в постсоветском Кыргызстане // Вестник КРСУ. – 2014. – № 2.
7. Кыргызстандагы кыйноолордун курмандыктары: Экстремизмге катышы бар деп айыпталгандардын адам укуктарынын бузулушу боюнча мониторингдин материалдары. Түз: А. Абдирасулова ж.б. – Б.: «Ачык ой пикир» Коомдук фонду, 2010. – 94 б.

8. Международная кризисная группа. Кыргызстан: последствия межэтнического конфликта. – Брюссель, 2010.
9. Поляков К.И. Ферганская долина: история и современность. – Москва, 2009.
10. Мамашов Б. Анархияга алты кадам… // Алиби. – 27-ноябрь, 2012-ж.
11. Дооров Т. Дүйнөлүк медиа Кыргызстандагы окуяларды кантип чагылдырууда? // Zaman Кыргызстан. – 18-июнь, 2010-ж.
12. Жолдошев К. Кыргыз-өзбек: күч – бирдикте // Азаттык үналгысы. – 14.06.2011.
13. Активисты гражданского общества призывают ВП Кыргызстана провести независимое расследование событий на юге страны // Фергана.Ру. – 19.06.2010.
14. Беспорядки на юге Киргизии (2010) // Материал из Википедии — свободной энциклопедии.
15. Возвращаясь к трагедии в Кыргызстане: Опубликованы результаты еще одного исследования «ошских событий» // http://www.fergananews.com – 31.05.2012.
16. Кадыржан Батыров Акматбек Келдибековду сотко берди // Баракелде. – 06.09.2011.
17. Жаныбаева А. Арабызда жакшылар бар үчүн өткөн каргашалуу окуянын жаралары айыгып, эл ынтымакка келет // http://barakelde.org – 14.04.2011.
18. Касымбеков К. У этнических узбеков Кыргызстана должно быть право выбора // rus.azattyk.kg – 03.10.2011.
19. Мадалиев И. Кыргызстан – год после трагедии власти ищут виновных // http://www.centrasia.ru – 05.07.2011.
20. Сузак районунда курал-жарак катылган жер табылды // http://atamekenkg.com – 26.07.2010.
21. http://www.coalition.kg/index.php?option=com_content&view=article&catid=1%3A2012-04-12-11-37-49&id=289%3A2012-07-27-14-33-19&lang=ru – 23.08.2011.